# БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫНЫН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2022-жылдын 4-февралы № 20*

## Бишкек шаарынын мэриясынын 2020-жылдын 10-июнундагы № 62 "Бишкек шаарында катуу тиричилик калдыктары менен иштөөнү оптималдаштыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу

"Бишкек санитардык полигону" муниципалдык ишканасынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу жана оптималдаштыруу максатында, "Бишкек санитардык полигону" муниципалдык ишканасынын 2022-жылдын 31-январындагы № 01-02/52 катын, Бишкек шаарынын биринчи вице-мэри М.Ш.Сазыкуловдун "Бишкек шаарынын мэриясынын 2020-жылдын 10-июнундагы № 62 "Бишкек шаарында катуу тиричилик калдыктары менен иштөөнү оптималдаштыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Бишкек шаарынын мэриясынын токтомунун долбооруна карата 2022-жылдын 4-февралындагы № МС09-10/135 маалым катын эске алып, "Борбордун статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 44 жана 45-беренелерине ылайык,

ТОКТОМ КЫЛАМ:

1. Бишкек шаарынын мэриясынын 2020-жылдын 10-июнундагы № 62 "Бишкек шаарында катуу тиричилик калдыктары менен иштөөнү оптималдаштыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөндөгүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 1-тиркемесинде:

- 12-пункт төмөндөгүдөй мазмундагы отуз биринчи абзац менен толукталсын:

"- өндүрүштүк программаларды, келечектүү пландарды жана инвестициялык долбоорлорду иштеп чыгуу.";

- 13-пункт төмөндөгүдөй мазмундагы тогузунчу жана онунчу абзацтар менен толукталсын:

"- таштанды заводун куруу маселеси боюнча өз иш-аракеттерин Биринчи май администрациялык району боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациясы менен макулдашсын;

- Биринчи май администрациялык району боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациясынын таштанды заводун куруу жана аны андан ары эксплуатациялоо маселеси боюнча тапшырмаларын аткарсын.";

- төмөндөгүдөй мазмундагы 16-1-пункт менен толукталсын:

"16-1. Бишкек шаардык санкцияланган таштанды жайынын аймагында таштанды заводун куруу маселеси боюнча Ишкананын иш-аракеттерин контролдоо жана координациялоо Бишкек шаарынын мэриясынын Биринчи май администрациялык району боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациясы тарабынан жүзөгө ашырылат.";

- 21 жана 22-пункттар төмөндөгүдөй редакцияда баяндалсын:

"21. Ишкананын штатында Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан белгиленген тартипте Бишкек шаарынын мэри тарабынан кызмат ордуна дайындалуучу жана кызмат ордунан бошотулуучу директорунун орун басарынын кызмат орду каралган.

22. Ишкананын директору иште жок учурда (убактылуу эмгекке жарамсыздыгы, өргүү, кызматтык иш сапары) же ыйгарым укуктары токтотулган учурда, анын милдеттерин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык документтерге кол тамга коюу укугу менен директордун орун басары жүзөгө ашырат.";

- 28-пункттун үчүнчү сүйлөмү төмөндөгүдөй редакцияда баяндалсын:

"Таза пайданын калдыгы "Бишкек шаарында катуу тиричилик калдыктарын башкаруу системасын өнүктүрүү" долбоору боюнча кредитти жоюуну камсыздоо максатында Ишкананын фондун түзүү жана Ишкананын материалдык-техникалык, өндүрүштүк базасын өнүктүрүү үчүн колдонулат.";

2) жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 2-тиркемеси ушул токтомдун 1-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

3) жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 3-тиркемеси ушул токтомдун 2-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

2. "Бишкек санитардык полигону" муниципалдык ишканасы:

- Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык кызматкерлердин штатын кыскартууну жүргүзсүн;

- жүктөлгөн иш-милдеттерди үзгүлтүксүз аткарууну камсыздасын;

- ушул токтомдон келип чыккан башка чараларды кабыл алсын.

3. Биринчи май администрациялык району боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациясы Бишкек шаардык санкцияланган таштанды жайынын аймагында таштанды заводун куруу маселеси боюнча "Бишкек санитардык полигону" муниципалдык ишканасынын иш-аракеттерин белгиленген тартипте контролдоону жана координациялоону ишке ашырат деп белгиленсин.

4. Биринчи май администрациялык району боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациясы ушул токтомдон келип чыккан зарыл чараларды кабыл алсын.

5. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Бишкек шаарынын биринчи вице-мэри М.Ш.Сазыкуловго жүктөлсүн.

**Бишкек шаарынын мэри** **А.Джунушалиев**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2022-жылдын 4-февралындагы
№ 20 токтомуна
1-тиркеме

"Бишкек шаарынын мэриясынын
2020-жылдын 10-июнундагы
№ 62 токтомуна
2-тиркеме

## "Бишкек санитардык полигону" муниципалдык ишканасынын ТҮЗҮМҮ




".

**Биринчи вице-мэр** **М.Сазыкулов**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2022-жылдын 4-февралындагы
№ 20 токтомуна
2-тиркеме

"Бишкек шаарынын мэриясынын
2020-жылдын 10-июнундагы
№ 62 токтомуна
3-тиркеме

## "Бишкек санитардык полигону" муниципалдык ишканасынын
## ШТАТТЫК САНЫ

| № | Кызмат орундарынын аталышы | Штаттык бирдиктердин саны |
|---|---|---|
| | **1. Административдик-башкаруу персоналы** | |
| 1 | Директор | 1 |
| 2 | Директордун орун басары | 1 |
| 3 | Юрист | 1 |
| 4 | Кадрдык маселелер, иш-кагаздарын жүргүзүү жана мамлекеттик тил боюнча адис | 1 |
| | **Жыйынтыгы:** | **4** |
| | **2. Финансылык эсепке алуу сектору** | |
| 1 | Башкы бухгалтер | 1 |
| 2 | Бухгалтер | 1 |
| 3 | Экономист | 1 |
| | **Жыйынтыгы:** | **3** |
| | **3. Долбоорду ишке ашыруу бөлүмү** | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Мониторинг боюнча адис | 1 |
| 3 | Төлөмдөр боюнча адис | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 4 | Инженер-куруучу | 1 |
| | **Жыйынтыгы:** | **4** |
| | **4. Өндүрүштүк участок** | |
| 1 | Участоктун мастери | 1 |
| 2 | Атанын техника, техникалык коопсуздук жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча инженер | 1 |
| 3 | Жумушчу-крематорчу | 1 |
| 4 | Жумушчу | 4 |
| 5 | Диспетчер | 3 |
| | **Жыйынтыгы:** | **10** |
| | **Бардыгы:** | **21** |

".

**Биринчи вице-мэр** **М.Сазыкулов**